## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЯ И ОБУЧЕНИЯ

## EDUCATION AND TRAINING

*Алымбаева Б. Б.,*
*Сабыров Р.С.*
*Кыргызская Академия Образования*

# ҮЙ-БҮЛӨДӨ ТАРБИЯЛООНУН АДЕПТИК НОРМАЛАРЫ, КООМДОГУ СТАТУСУ, ФУНКЦИЯЛАРЫ

# ЭТИЧЕСКИЕ НОРМЫ СЕМЕЙНОГО ВОСПИТАНИЯ, ОБЩЕСТВЕННЫЙ СТАТУС И ФУНКЦИИ

*Alimbaeva B.B., Sabyrov R.S.*

# ETHICAL RULES OF FAMILY EDUCATION SOCIAL STATUS AND FUNCTION

***Аннотация:*** *Бул макалада автор, балдардын үй-бүлөдө жүрүм-турум жакшы калыптанса, окуган чөйрөсүндө баланын чыгармачылыгы канчалык жогору болсо, анын өнүгүүсү да ошончолук натыйжалуу болот деген.*

*Азыркы коомдо үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия бири-бирине каршы келбейт, ар бири өз өзгөчөлүгүнө жана артыкчылыктарына ээ болуп, бирин - бири толуктоо менен, өсүп келе жаткан адамдын калыптануу процесси натыйжалуу болмок.*

*Эгерде мугалим өз милдеттерин жалаң гана кесиптик кызматынын зарылчылыгы боюнча аткарып чектелбестен, адеп-ахлактык, рухий жактан жогорулатууга көңүл бөлсө, анда педагог жана ата-энелердин кызматташтыгынын натыйжалуулугу да жогоруламак.*

***Аннотация:*** *В данной статье автор говорит о необходимости привить детям правильные нормы поведения в семье, учебной среде и в обществе. Насколько богат творческий потенциал ребенка, настолько его развитие даст положительный результат.*

*В нашем обществе семейное и общественное воспитание детей будут совпадать и не противоречить друг другу, если каждый будет учитывать их индивидуальные особенности и преимущества, дополняя и обогащая формирование высоконравственных людей нашего общества.*

*Очень многое в воспитании зависит от педагогов, учителей, которые своим отношением к своему делу, своей профессии должны быть примером для молодых людей и иногда быть больше, чем просто учитель. И как результат совместные усилия родителей и педагогов позволят воспитать достойного человека.*

***Abstract :*** *The primary focus of the author is on the formation of children's good ethical performance at home. How rich creative potential of the child in educational environment and public is, so greatly that will contribute to his overall mental development*

*In today's community, family and social education of children are consistent with each other, people have their own individual peculiarities and advantages, and by complementing each other they would enrich the formation of growing person with high moral standards.*

*If a teacher does his duties not only because of job obligations but also according to the level of his courtesy and spirit, then the outcome from cooperation of educators and parents would necessarily get better. Greatly in education depends on teachers, teachers who has good attitude to their work, their professionalism and manners be an example for youth, and sometimes go beyond the teacher.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *билим берүү, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, этика, этикалык нормалар, адептик норма.*

***Ключевые слова:*** *обучение, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, этика, этические нормы, норма воспитанности.*

***Key words:*** *education, upbringing, care, family, social status, morality, courtesy, ethical standards, juridical, normative ethics.*

Азыркы учурда үй-бүлөдө адептик нормаларды калыптандыруунун эң негизги маселелеринен болуп, адамдын коомдогу жана топтогу жүрүм-турум абалы, адам мамилелери, этикалык–маданий жана улуттук мамилелер жана дагы башка конкреттүү жагдайлар менен байланыштар эсептелет.

Үй-бүлөдө адептик тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут, социум топтогон социал-

дык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы.

Эгемендүү өлкөнүн улуттук-аймактык, тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүн эске алган, анын элинин адептик салттарына, кулк-мүнөзүнө, менталдык сапаттарына төп келген, ошол эле учурда дүйнөлүк цивилизациянын, жалпы адамзаттык маданияттын жетишкендиктерин өзүнө камтыган, ар бир адамдын инсандык сапатын урматтого негизделген, жаңыча билим берүү багыттарын иштеп чыгуу аркылуу жүзөгө ашырылмакчы.

Айрым үй-бүлөлөр баланын материалдык проблемасын чечүү менен чектелип, таалим-тарбия маселесин мектепке толук жүктөп коюшту. Тарбия боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтагы мурдагыдай болбой бара жатат. Балдарын туугандарына таштаган ата-энелер көбөйгөндүктөн, кароосуз калган балдардын саны өсүүдө. Окуучулар арасында ичкилик ичкендер көбөйүп бара жатат. Адептик нормалары калыптандыруу боюнча үй-бүлө болжогон натыйжага дайыма эле жете албашы мүмкүн, бирок ага жетишерлик көңүл бөлүнбөй калышы - балдардын өнүгүшүндө негативдүү таасири дайыма болуп келген. Балдарды турмушка даярдоо – үй-бүлө системасынын негизги максаты. Балдардын таалим-тарбиясына ата-эненин жоопкерчилиги болуш керек. Педагогдордун жана окумуштуулардын таалим-тарбия боюнча аракетин жандандыруу - азыркы учурдун талабы.

Үй-бүлөдө адептик тарбия ар бир жаш тарбиялануучуда коомдо өзүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамиле түзүүнү үйрөтөт. Нравалык тарбиялоо негизинен алганда бардык адамзат топтогон адамдык баалуулуктардын жана ошондой эле кыргыз элинин жүрүм-турумун калыптандыруу алкагында жүргүзүлөт. Адептик нормаларга чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, уяттуулук, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгектенүүнү сүйүү жана ошондой патриоттуулук, ата-мекенди сүйүү, закондуулукту сактоо, граждандык милдетти так аткаруу, кайрымдуулук жана башка ушул сыяктуу адамдык баалуулуктар кирет.

Көпчүлүк элдерде, этикалык тарбия ишинин максаты бирдей болгону менен ар бир элге тиешелүү болгон айырмачылыкты белгилебей коюуга болбойт. Ошондой эле кыргыз элинде да, жүрүм-туруму тарбиялоонун өз системасы бар десек жаңылбайбыз. Балдар кичинесинен үй-бүлө чөйрөсүндө тарбияланат. Ата-энесинин турмуштук үлгүсүн алат. Кыргыз эли ата-эненин, үй-бүлөнүн үлгүсүн балдарга карата таасирдүүлүгүн белгилешкен. “Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт”, “Эжени көрүп сиңди өсөт”, “Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт”, “Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат”, “Алма сабагынан алыс түшпөйт” сыяктанган макал-лакаптар балдардын жүрүм-турумундагы жакшы же жаман сапаттарга ата-эненин үлгүсүнүн таасири түздөн түз экендигин көрсөтөт.

Ошого карабастан, кээ бир учурда ата-эненин үлгүсү боюнча эмес, ага тетири таасирдин натыйжасында адептүү же адепсиз болуп өсүшү да ыктымал. Буга мисал кылып төмөнкүлөрдү келтирсек болот. “Жамандан-жаан, жакшыданмөөн”. Мындай макал башка элдерде да кездешет. Орус элинде, “Хоть сана, но случается так, у мудреца рождается дурак”. Ошондой болсо да көпчүлүк учурда ата-эненин үлгүсү балдар үчүн таасирдүү экенин тануугa болбойт. Үй-бүлөдөгү ынтымак, баланын адептүү өсүшүнүн бир себеби болот. “Ырыс алды ынтымак” - дейт элдик акылман сөз.

Чындыгында бирин-бири кадырлап, уруш-талашсыз жашаган ата-эненин тарбиясында өскөн балдардын көпчүлүгү адептүү болуп өсөт. Кыргыз эли байлыкты биринчи орунга коюп, баюуга умтулган эмес. Ырыстуу болуш -бул ынтымактуу жашоо деп түшүнүп, балдарды да өз айланасындагы адамдар менен ынтымактуу болууга чакырган.

Үй-бүлөнүн эң негизги көрсөткүчү анын социалдык статусу башкача айтканда үй-бүлөнүн ал-абалы, түзүлүшү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке өзгөчөлүктөрү.

Андан башка дагы үй-бүлөнүн материалдык ресурсу, психологиялык жагдай, турмуш-шарты, аткарган милдеттери жана ар бир адамдын жекече жана жаш өзгөчөлүктөрү да маанилүү. Ушул айтылгандардын баардыгы үй-бүлөнүн статусун аныктайт.

Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча үй-бүлөнүн төрт статусу бар.[6] Алар: социалдык-экономикалык, социалдык-психологиялык, социалдык-маданий жана аткарган ситуативдик милдеттерине жараша статусу.

Социалдык көнүүнүн эң эле маанилүүсү – үй-бүлөнүн материалдык абалы (кирешеси, үй-жайы, эмеректери, кыймылсыз мүлкү, чарбасы ж.б.) социалдык-экономикалык статусу болуп эсептелет.

Эгерде үй-бүлөнүн кирешеси жашоо үчүн зарыл болгон керектөөлөргө жетпесе (тамак-аш, кийим-кече, төлөмдөр ж.б.) ал кедейликке туш болгон социалдык-экономикалык статусу төмөн турганын белгилейт.

Эгерде киреше жашоо талаптары канааттандырып, бирок материалдык жактан дагы эле жетишпегендик сезилсе, социалдык-экономикалык

статусу – ортоңку деңгээлде болот. Ал эми кирешеси керектөөсүнөн эки эсе көп болуп, ашыкча каражаты бар үй-бүлө байларга кошулуп социалдык-экономикалык статусу – жогору болот.

Социалдык статустун экинчи белгиси – үй-бүлөдөгү психологиялык жагдай. Бирге жашаган адамдардын бири-бирине болгон мамилеси, баарлашуу, сыйлоо, урматтоо, жардамдашуу маселелери жакшы жагдай түзүлсө, жашоого шаң кошот.

Туура эмес психологиялык жагдай үй-бүлөдө мамилени бузуп, карама-каршылык туудуруп, тил албоо, уруш сыяктуу жат көрүнүштөргө алып келсе психикалык проблемдүү жагдай түзүлөт.

Үчүнчү белгиси – социалдык – маданий абалы – бул үй-бүлө мүчөлөрүнүн билимдүүлүгү, маданияттуулугу. Булар эң маанилүү көрсөткүчтөр, себеби маданияттуу үй-бүлөдө салт, үрп-адат сакталып, традицияга айланган таалим - тарбия иштери өткөрүлүп, руханий байлыгы артып, бош убакыт пайдалуу, кызыктуу өтөт, анда социалдык-маданий көрсөткүчү эң жогорку деп эсептелет. Тескери көрүнүш өкүм сүрсө (уруш-талаш, аракечтик, жалкоолук, тил албоо, сыйлабоо ж.б.), анда үй-бүлөнүн социалдык-маданий деңгээли эң төмөнкү даражада болот.

Төртүнчү белги – үй-бүлөнүн аткарган милдеттерине жараша статусу – бул көбүнчө балага болгон мамилеге байланган. Баланы түшүнүү, анын проблемасын чечүү, көмөктөшүү, ал эми тескерисинче начар мамиле, кайдыгерлик, үй-бүлөнүн эң төмөнкү статусу менен байланыштуу.

Мындай ар түрдүү типтеги үй-бүлөнүн ичинен социалдык педагогдун көңүл бура турганы ынтымактуу үй-бүлө, ынтымагы жок үй-бүлө, проблемага кабылуу коркунучун туудурган үй-бүлө жана асоциалдык (жүрүм-туруму бузулган) үй-бүлө.

Ынтымактуу үй-бүлөдө кокустан проблема боло калса, аны эч чатаксыз, жайбаракат, кеңешип, сүйлөшүп чечүүгө үй-бүлөнүн мүмкүнчүлүктөрү бар.

Ынтымаксыз үй-бүлөнүн социалдык статус төмөн болгондуктан анда тартип-тарбия иштери начар чечилет.

**Үй-бүлөнүн негизги функциялары:**

1. ***Репродуктивдүү функция*** (милдет) лат. Тукум улоо деген сөзүнөн алынып, адамдын тукумун көбөйтүү, балалуу болуу милдетин аткаруу деп түшүнөбүз.
2. ***Экономикалык жана турмуш-тиричилик функциясы.*** Илгертен бери эле үй-бүлө турмуш-тиричилик ордосу. Дыйканчылык, мал чарбачылык, аңчылык, кол өнөрчүлүк жана соода-сатык иштери, үй-бүлөнүн жашоосунун өбөлгөсү. Тамак-аш даярдоо, үй оокатына керектүү иш-аракеттер, күнүмдүк жашоого камкордук көрүү, келечектен үмүттөнүү, балдарды багуу, окутуу, тарбиялоо, кыз узатуу, уул үйлөндүрүү, акча топтоо керектүү буюмдарды сатып алуу. Өзгөчө азыркы шартта байлыкка умтулуу, жеке менчикке ээ болуу, бирөөнүн колун карабай өз алдынча оокат өткөрүү экономикалык функциянын эң маанилүү милдети.
3. ***Социалдаштыруу функциясы.*** Бала үйдөн коомдо жашоого керектүү болгон сапаттарды, мамилени, байланышты өздөштүрөт. Ар түрдүү коомдук көрүнүштөрдү билип, ылайыкташып жашоого үйрөнөт. Билим алуу, кесип тандоо, кесипке ээ болуу социалдашуунун эң негизги максаты. Социалдык жүрүм-турум эрежелерин, нормаларды сактоого үй-бүлө үйрөтөт, коомдо жашоого көнүктүрөт элдик үрп-адаттарды, маданияттарды үйрөтүп, социалдык инсан болууга жардам берет.
4. ***Тарбиялоо функциясы.*** Ата-эне – баланын биринчи тарбиячылары. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо - социалдык-педагогикалык иш-аракеттин эң маанилүү бөлүгү. Ата-эне бала үчүн кам көрүп, келечегин ойлоп, окутуп, ден соолугун сактоого камкордугун көрөт. Кээде балага тарбия бере албаган, өзү оорулуу, журүм-туруму начар ата-энелер да жолугат.
5. ***Психотерапиялык функция.*** Бул баланын үйдө өзүн жайлуу сезип, ата-энесинин жанында бардык жат көрүнүштөрдөн сакталган “менин үйүм-менин сепилим” – дегендей, бала үчүн үй-бүлө чексиз таяныч, ишенимдүү, калкалоочу жай болушун камсыз кылуу дегенди билдирет. Жумуш күнү бүткөндөн кийин үйгө келип, бирге эс алуу, бирге убакыт өткөрүү, эртеңки күнгө кам көрүү очогу – үй-бүлө болот.

Жогоруда белгиленген ар бир функциянын бардыгы толук бойдон же айрым бөлүгү аткарылышы мүмкүн. Кээде көз жаздымында калып, баланын өсүп өнүгүүсү кечигип, жашоосуна терс таасир да берет.

Мындай көрүнүштүн алдын алууга же, оңдоого аракеттенип, ата-энеге жардам берүүчү педагог болуп эсептелет. Мурунку убакта бул функциялардын кээ бирин мектеп мугалимдери, класс жетекчилер жана тарбиячылар аткарышкан [7].

**Адабияттар:**

1. Акматалиев, А. Баба салты, эне адеби: элдик салт. – Б.: Баласагын, 1993. -3 б.
2. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б.: Шам, 2000. -348б.

3. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы. – Кутбилим. – Бишкек, 2010, 20-август.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Б.: Педагогика века, 2004. – 384 б.
5. Маркова,Т.А. Воспитание трудолюбия у дошкольников. - М.: Просвещение 1991г. – 108 с.
6. Муратов А. Ж. Кыргыз элинин тарбиялык салттарында балдарды социалдаштыруу идеялары//Мектеп - школа 2012 №3, – 12 б.
7. Рысбаев С.К. Кыргыз элдик таалим – тарбия принциптери жана методдору. - Б., 2007. – 88б.